| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
| --- | --- | --- |

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги X сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 1 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айылдык кеңешинин (жетинчи чакырылыштагы) II сессиясынын №8 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республиксынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айылдык кеңешинин 2023-жылдын 30-майындагы кезексиз II сессиясынын №8 токтомуна өзгөртүү киргизип, Отуз-Адыр айылындагы №14, №27, №29 контурларындагы (3,0 га жер аянты) 2,98 га сугат жер аянтын мамлекеттик менчикке алуу жана айыл чарба багытындагы калктуу конуш, социалдык объект багытына (мектеп куруу) которуу жана өзгөртүү киргизилсин.

2. Тийешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер боюнча адиси З.Реджаповко милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

4 Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана агрардык жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР** |

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги X сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 2 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Дөбө айынынын башкы плананын бекитип берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Дөбө айынынын башкы планын бекитип берүү боюнча айыл аймагынын айылдык кеңештин депутаттарынын кезектеги (сегизинчи чакырылышынын) X сессиясында карап чыгып жана талкууга алып, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Дөбө айылынын 30,77 га жер аянты (башкы план №16/20) менен башкы планы бекитилсин.

2. Тийешелүү иш кагаздарын даяроо жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси З.Реджаповко милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Эшиевке жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин жер жана агрардык жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги X сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 3 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин өндүрүштүк жана социалдык багыттагы объект курууга макулдук берүү жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу максатында социалдык жана өндүрүштүк багыттагы объектилерди куруу үчүн "Айыл чарба жерлери" категориясындагы жерлерди "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) үчүн Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу жөнүндө" мыйзамынын 1-главасынын 3-беренесине жана Жер Кодексинин 2-главасынын 13-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айылындагы №12 контурундагы 0,30 га жер аянты өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жана башка багыттагы жерлер категориясына (трансформациялоо) которулсун.

2. Ынтымак айылындагы № 5 контурундагы 1,30 га жер аянты айыл чарба багытынан өндүрүштүк багытка которулуп социалдык объект (ФАП, Бала бакча) курулсун.

3. Ынтымак айылындагы № 933 контурундагы 0,05 га жер аянтын өндүрүштүк багытка иштетилсин.

4. Кызыл-Абад айылындагы №53 контурундагы 2,76 га жайыт жер аянтын өндүрүштүк багыттагы объект куруу үчүн макулдук берилсин.

5. Кызыл-Абад айылындагы №7 контурундагы 0,40 га жер аянтын өндүрүштүк багыттагы объект курулсун.

6. Сары-Колот айылындагы №1025контурундагы 0,60 га, №228 контурундагвы 0,30 га жер аянты өндүрүштүк багыттагы объектилер курулсун.

7. Курбан-Кара-айылындагы №61-62 контурундагы 1,20 га жер аянтын өндүрүштүк багыттагы объект салууга макулдук берилсин

8. Ынтымак айылындагы №933 контурундагы жалпы аянты 0,36 га анын ичинен суралган 0,05 га аянты социалдык объект курууга макулдук берилсин.

9. Шерали айылындагы №320 контурундагы 1,0 га жер аянтын өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга (трасформациялоо) макулдук берилсин.

10. Кызыл-Абад айылындагы №204 контурундагы 1,50 га жайыт жер аянты өндүрүштүк багытка иштетилсин.

11. Кызыл-Абад айылынын Живпром участкасындагы №227 контурундагы 0,71 га жер аянты өндүрүштүк багытка иштетилсин.

12. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Ч.Эшиевке жүктөлсүн.

13. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл аймагынын айылдык кеңештин жер жана агрардык жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Н.Жусупов).

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги X сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 4 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын Кызыл-Абад айылындагы аталышы жок көчөгө татыктуу инсандын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргызстандагы географиялык аталыштар жөнүндө" Мыйзамынын 7-беренесине жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кызыл-Абад айылындагы аталышы жок көчөгө Аблаев Закирдин ысымы ыйгарылсын.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. (Э.Эшиев)

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин укук, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (А.Беделов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

---

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги X сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 5 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 31.07.2025-ж VII сессиясынын №11 Токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 34-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин 31.07.2025-ж VII сессиясынын №11 Токтомуна өзгөртүү киргизилсин.

2. Отуз-Адыр айылында 120 орундуу Алтын балалык балдар бакчасынын аталышы Нур балдары атындагы балдар бакчасы болуп өзгөртүлүп 10 сааттык иш тартибинде ачылсын.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. (Э.Эшиев)

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы Д.Атанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ОТУЗ-АДЫР**

---

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги Х сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 6 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которуу жөнүндө**

Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл чарба багытындагы жерлерин "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которуу, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 "Жер участокторун которуу жөнүндө" мыйзамынын 1-главасынын 3-беренесине жана Жер Кодексинин 2-главасынын 13-беренесине ылайык Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Отуз-Адыр айыл аймагындагы №214 контурундагы 5,17 га чөп сактоочу жер (сенхранилище), №216 контурундагы 0,60 га коомдук курулуштардын орду, №217 контурундагы 0,58 га коомдук курулуштардын орду, №218 контурундагы 0,57 га коомдук курулуштун орду, №219 контурундагы 0,57 га коомдук курулуштардын орду, №220 контурундагы 1,12 га коомдук курулуштардын орду жалпысы 8,61 га жер аянтына Тергөө камак жайын (СИЗО) куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" ктегориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которууга макулдук берилсин

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнө жүктөлсүн. (Э.Эшиев)

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык Кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (Жусупов Н)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ОТУЗ-АДЫР |
|---|---|---|

**Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги X сессиясы**

**(сегизинчи чакырылыш)**

**№ 7 ТОКТОМ**

06.11.2025 Отуз-Адыр айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгын жана "Тынчтык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгын жана "Тынчтык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу жөнүндөгү маселени карап чыгып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине таянып, Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

**1**. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгын жана "Тынчтык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын ишке ашырууга Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 10 –сентябрындагы №223 буйругун аткарууга макулдук берилсин**.**

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 Жарлыгын жана "Тынчтык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу алкагын мыйзам чегинде аткаруу Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин. (Э.Эшиев)

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Отуз-Адыр айыл аймагынын айылдык кенештин укук, мыйзамдуулук жана административдик иштер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын. (А.Беделов)

**Отуз-Адыр айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Д.Атанов**